DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

## ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ
## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PEDAGOGICAL SCIENCES

*Абытов Б.К.*

# АРАЛЫКТАН ОКУТУУНУН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ: АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ ЖАНА КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Абытов Б.К.*

# СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ ДИСТАНЦИОННОГО ОБУЧЕНИЯ: ПРЕИМУЩЕСТВА И ПРОБЛЕМЫ

*B.K. Abytov*

# THE CURRENT STATE OF DISTANCE LEARNING: ADVANTAGES AND PROBLEMS

*УДК: 37.04*

*Бүгүнкү шарттарда дүйнө жүзүндөгү, анын ичинде Кыргызстандагы билим берүү тармагындагы илимий-техникалык жетишкендиктер, жаш, жогорку квалификациядагы адистерди даярдоодо бир катар жаңы, инновациялык талаптарды коюуда. Бизде эле эмес, баардык өлкөлөрдө билим берүү жаатынын бирден бир маанилүү багыты, маалыматтык, инновациялык технологияларды колдонуу менен аралыктан – дистанттык окутуу жараянын кеңири колдонуу болуп калды. Албетте акыркы жылдардагы аралыктан окутууну кеңири колдонуу менен билим берүү жаатын трансформациялоо өз жемишин бергени талашсыз. Мурда кеңири колдонулбаган окутуунун бул ыкмасы, өлкөбүздөгү жогорку окуу жайлардын бул багыттагы аракеттеринин жетишкен ийгиликтерин, кетирилген кемчиликтерин, көйгөйлөрүн ачык айгинелеп койду. Айрыкча, бир жагынан күн санап өсүп-өнүгүп жаткан маалыматтык, инновациялык технологиялардын кеңири жайылышы, экинчи жагынан, эки жыл мурда башталган, күндөн күнгө күч алаган пандемия, санэпидемиологиялык шарттарда, аралыктан окутуу жараянынын билим берүү жаатынын баардык багыттарында кеңири колдонулушу, ага байланыштуу бир топ маселелерди кабыргасынан, тез арада күн тартибине коюп, оош-кыйыштарын ачык көрсөттү. Кыска мөөнөттө аралыктан окутуу билим берүүнүн баардык багыттарын камтыды. Демек, макалада биз дал ошол аралыктан окутуу жараянынын ийгиликтерин, артыкчылыктарын, кемчиликтерин, мүчүлүштүктөрүн ар тараптан иликтеп, анализдөөгө аракет кылдык. Акыркы жылдарда кеңири колдонулган аралыктан окутуу жараяны ар бир окуу жайдын бул багытты маалыматтык технологиялар менен камсыздоодогу, заманбап компьютердик парктын жетишпестиктерин, туруктуу, үзгүлтүксүз интернет байланыштарын толук камсыздай албагандыктарын да айгинеледи. Бул таризден алганда, биз изилдеген маселе абдан акуталдуу бойдон калууда.*

***Негизги сөздөр:*** *Кыргызстан, билим берүү, жогорку окуу жай, маалыматтык технология, инновация, аралыктан окутуу, артыкчылыгы, жетишсиздиги, көйгөйлөрү.*

*Сегодня научно-технические достижения системы образования диктуют новые, инновационные условия подготовки молодых, квалифицированных специалистов в высших учебных заведениях Кыргызстана, как и в других странах мира. Одним из важных направлений системы образования, в условиях информационной и инновационной технологии, последних лет стало широкое применение дистантной технологии обучения. Трансформация образовательной системы, путем широкого применения технологий дистантного обучения последних лет, дало свои и положительные показатели, и обнажила проблемы обучения в этом нововведении. С одной стороны развивающаяся информационная, инновационная технология обучения, с другой стороны растущая опасность эпидемиологической ситуации, связанная с пандемией, с прошлого года, резко и срочно поставила на повестку дня вопрос широкого применения дистантного обучения во всех формах системы образования. Ныне дистантное обучение студентов распространилось во все формы обучения всех вузов страны. Мы предприняли попытку выяснить общее положение дистантного обучения, также преимущества, недостатки и проявленные проблемы данной системы обучения студентов. Ряд проблем возникли в связи с общей и недостаточной информационно-технологической подготовленностью профессорско-преподавательского состава, особенно старшего поколения, а также с готовностью и восприятием самих студентов систему дистантного обучения. Дистантное образование также выявила недостаточные информационно-технические оснащенности вузов и студентов, плохие связи на местах с вузом и многие другие. Отсюда и выявляется необходимость, актуальность изучаемого вопроса.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан, образование, высшее образование, информационные технологии, инновации, дистанционное обучение, преимущества, недостатки, проблемы.*

*Today the scientific and technical achievements of the education system dictate new, innovative conditions for the training of young, qualified specialists in higher educational institutions of Kyrgyzstan, as well as in other countries of the world. One of the important areas of the education system, in the context of information and innovative technology, in recent years has become the widespread use of distance learning technology. The transformation of the educational system, through the widespread use of distance learning technologies in recent years, has given its own and positive*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



*indicators, and exposed the problems of learning in this innovation. On the one hand, the developing informational, innovative technology of education, on the other hand, the growing danger of epidemiological and hygienic situations associated with a pandemic, since last year, sharply and urgently put the question of a broad application of distance learning in all forms of the education system. Nowadays, distance learning of students has spread to all forms of education in all universities in the country. We made an attempt to find out the general position of distance learning, as well as the advantages, disadvantages and problems manifested by this system of teaching students. A number of problems arose in connection with the general and insufficient information and technological training of the teaching staff, especially the older generation, as well as with the readiness and acceptance by the students themselves a system of distance learning. Distance education also revealed insufficient information and technical equipment of universities and students, poor local connections with the university, and much more. Hence, the necessity, the relevance of the issue under study is revealed.*

***Key words**: Kyrgyzstan, education, higher education, information technology, innovation, distance learning, advantages, disadvantages, problems.*

**Маселенин коюлушу.** Акыркы жылдары, заманбап техникалык, маалыматтык каражаттардын өнүгүүсүнө шайкеш окутуунун жаңы, инновациялык технологиялары, ыкмалары көбөйгөнү баарыбызга маалым. Мындай өзгөрүүлөр мезгилдин, илимий-техникалык өнүгүүнүн талабы десек да болот. 20-30 жыл эмес, 10 жыл мурда окутуунун дистанттык түрү тууралуу анча кабарыбыз жок эле. Мурдагы жогорку окуу жайлардагы салттуу окутуу ыкмасында дистанттык технология деген түшкө да кирбеген көрүнүш эле.

Демек, азыркы ааламдашуу жараянынын алкагындагы коомдук, социалдык-экономикалык өнүгүүлөрдүн, өзгөрүүлөрдүн, жаңы санариптик трансформациянын талаптары, мезгил-мезгили менен жогорку окуу жайларды стратегиялык багытына оңдоо, түзөтүүлөрдү киргизип, жогорку билим берүүнүн приоритеттүү багытын кайрадан тактоого, аныктоого мажбурлап жаткан кез.

6-7 жылдан бери ар бир жогорку окуу жайда аралыктан же дистанттык окуу түрү болгону менен, 2019-жылдын мартынан берки убактагыдай окутуунун бул формасына мынчалык тыгыз киришкен эмеспиз. Биз негизинен салтуу түрдөгү күндүзгү жана сырттан окуу түрлөрүнө көнгөн элек. **Бирок дүйнөлүк пандемия, өлкөбүздөгү эпидемиологиялык абал, өткөн жылдын мартынан бери аралыктан окуу жана окутуу маселесин күн тартибине кабыргасынан койду. Бир жылдан ашык убакта, баарыбыз аралыктан окутуунун чыныгы абалына, анын артыкчылыктарына, жетишпеген жактарына, көйгөйлөрүнө жана аларды чечүүнүн жолдоруна, ыкмаларына түздөн-түз күбө болдук**. Мына учурда бул маселени иликтөөнүн зарылдыгы да, актуалдуулугу да жогорудагыдан келип чыгып олтурат.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана сунуштар.** Акыркы 2019-20-21-окуу жылында аралыктан окутуунун негизги форма катары карап, ага баш коюп, анын талаптарына жараша иш алып бара баштадык.

Баарыбыз билебиз аралыктан окутуу – ОПК менен студенттердин ортосундагы түздөн-түз, жеке байланышсыз, заманбап маалыматтык жана телекоммуникациялык технологияларды колдонууга негизделген аралыктан туруп окутууну шарттаган окуу жараянын жүзөгө ашыруу ыкмасы. Дистанттык билим берүү – окуу жараянын аралыктан туруп камсыз кылуучу маалыматтык технологияларды колдонууга негизделген билим берүү. Дистанттык билим берүү ыкмалары студент менен ОПК окуу жараянын турмушка ашырууда негизинен маалыматташтыруу жана телекоммуникация каражаттарын колдонуу аркылуу жүзөгө ашырылуучу билим берүү технологиялары болуп калды.

Албетте, азыркы учурдагы биздин тармактагы негизги талап сапаттуу билим берүү. Кыргызстандын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулуу шартында өсүп келе жаткан жаш муундарга сапаттуу билим берүү учурдун көйгөйлүү маселеси болуп саналат. Ушуга байланыштуу заманбап маалыматтык технологияларды, окутуунун инновациялык түрлөрүн жана ыкмаларын, техникалык компьютердик каражаттарын колдоно билген компетенттүү ОПК да, билим алып жаткан студенеттерге да зарылдык ар бир жогорку окуу жайда пайда болду. ***Аралыктан окутуу, окуткан адамга да, окуган адамга да бирдей маалыматтык, ресурстук, техникалык талаптар коюлаарын*** аныктап койду. Окуу жайдын базасы жогорку деңгээлде даяр болгону менен, студентте андай техникалык шарттар, маалыматтык ресурстар жок болсо, аралыктан окутуу толук ишке ашпай калаарын да байкадык.

Албетте, XXI кылымдагы заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен аралыктан окутуу билим берүүнүн инновациялык жана келечектүү формасы болоору шексиз. Кыргыз Республикасында билим берүү системасын модернизациялоонун шартында аралыктан окутуунун технологиясын пайдалануу менен окутуучуларды да, студенттерди да даярдоонун системасын үзгүлтүксүз өркүндөтүү стратегиялык милдеттердин бири экенин унутпообуз керек.

Ошондуктан учурдагы жогорку окуу жайлардын негизги милдети бүтүрүүчүгө азыркы дүйнөдөгү рынок шартында атаандашууга жөндөмдүү болууга, туруштук берүүгө мүмкүнчүлүк бере ала турган компетенттүүлүк моделине негизделген, жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана киргизүү, бүтүрүүчүлөрдө жогорку квалификациялуу адистерди калыптоого шарт түзүү, алардын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



жумуш берүүчүлөрдү талаптарына шайкеш келүүсүнө аракет кылган жогорку билим берүү милдети турат.

Мындан жогорку окуу жайлардын алдына окутуунун инновациялык ыкмаларын, компьютердик технологияларын кеңири колдонуу жана жайылтуу, айрыкча маалымат технологияларын терең жана кенен колдонуу талабы келип чыгууда.

Ааламдашуу жараяны жогорку окуу жайларда аралыктан билим берүү маселесин мурда эле күн тартибине чыгарган эле. Бирок өткөн жылдагы пандемия, жалпы эпидемиологиялык абал, башка өлкөлөрдөй эле Кыргызстанды да жогорку окуу жайлары эле эмес, бүт билим берүү системасын дистанттык окууга, кыска мөөнөттө толук өтүүгө мажбур кылды. Мына дээрлик эки жыл ичи *(2019-жылдын мартынан баштап.)* аралыктан окудук. Ошол мезгилде ар бирибиз дистанттык окутуунун өйдө-төмөнүн, артыкчылык, кемчилигин, келечегин ж.б. маселелерди жакшы түшүнүп калдык.

Биз кеңири колдоно баштаган аралыктан окутуу жараянынын **артыкчылыктары**:

- ОПК жана студенттер дүйнөлүк ири билим берүү жана илим изилдөө борборлоруна, булактарына кирүүгө мүмкүндүк алышты. Интернет аркылуу аралыктан окутуу - жогорку окуу жайлар, колледждер, мектептер керектөөчү инфраструктура болуп, учурда приоритеттүү багыттардын бири болуп экендиги аныкталды. Анткени учурда интернет тоталдык технологиялык билим берүү машинасы болуп калды.

↓

- ОПК да, студентке да ыңгайлуу убакта сабактарды өтүүгө жана катышууга мүмкүнчүлүк болду. Мындай абал окутуунун материалдарын толугураак өздөштүргөнгө шарт түздү. Окутуунун орду жана мезгили, окутуунун ырааттуу уланышы, окуу жараянында ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрлөрүн алмаштыруу жана байытуу мүмкүнчүлүгү пайда болду.

↓

- Аралыктан окутуу жараянында видео лекциялар көп пайда келтирди десек болот, бирок андай учурда студенттер менен кайра байланышуу мүмкүн- чүлүгү чектелүү болуп калып жатканын эске алуу керек экендиги байкалды.

↓

- Учурда интернет аркылуу, аралыктан билим берүү тармагында көптөгөн интернет сайттар, баракчалар пайда болуп, колдонууга алынды. Ар бир окуу жай өздөрүнүн шартына, мүмкүнчүлүгүнө жараша аралыктан окутуунун технологиясын, каражаттарын жана окутуу программаларын тандоого жетишти.

↓

- Аралыктан билим берүү ар түрдүү географиялык жана экономикалык диапазондордун мейкиндигинде азыркы кездеги өндүрүштүн талабына жооп берген ар кыл адистерди даярдоого шарт түзөт. Окутуунун бул формасы адам жашаган жеринен эле билим алып, өлкө ичиндеги, керек болсо чет өлкөдөгү билим берүүнүн аркылуу эл аралык ресурстарын колдоно алат.

↓

- Заманбап маалыматтык технологияларга негизделген аралыктан окутууну туруктуу, көп аспектилүү алыстан маалыматтык билим берүүчү система катары кароого мүмкүндүк берет. Анткени, ал өзүнө жогорку билим берүүнүн классикалык жана виртуалдуу чөйрөсүнүн элементтерин айкалыштырат. Аралыктан окутуу акыркы билим берүү технологиялары менен академиялык билим берүүнүн негизги салттарын айкалыштырат.

↓

Аралыктан окутууда заманбап технологиялар колдонулгандыктан, билим берүүнүн да, билим алуунун да сапаты жогорулайт. Аралыктан окутуу – бул билим алган адамдардын окутуу таанып-билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүү максатында алыста жайгашкан билим берүү мекемелери тарабынан электрондук жана телкоммуникациялык каражат- тардын жардамы аркылуу максаттуу жана методикалык жактан камсыз- далган окутуунун формасы болуп эсептелет. Электрондук китепканалар жана билим берүү базаларынын технологиясы алдыңкы орунга чыгат.

↓

- Аралыктан окутуу жараянында студент кадимкидей эле ОПК менен баарлашып, суроо берип, жооп алат. Эгерде үлгүрбөсө сабактын интернет версиясын кайталап угуп, вотсапп аркылуу байланыша алышат.

↓

- Акыркы жылкы өлкөбүздөгү аралыктан окутуу жараяны көрсөткөндөй аралыктан окутуу, учурдагы инновациялык технологияларды кеңири колдонууга багытталган жогорку окуу жайлардын приоритеттүү багытта-рынын бири болуп калганы талашсыз.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Аралыктан окугандар үчүн артыкчылыктар менен катар эле, ОПК, студенттер, алардын ата-энелери үчүн бир катар кемчиликтер да бар. Алар:

- Эң башкысы компьютердик сабатсыздык. Сырттан карганда баардыгы бул таризде сабаттуу өңдөнгөнү менен аралыктан окутуу жараяны башталганда көптөгөн ОПК, айрыкча улуу муундагылардын жана бир катар студенттердин элементардык компьютердик сабатсыздыгы айкын болуп калды. Алардын мындай абалы, аралыктан окутуунун жаңы технологияларын өздөштүрбөгөндүгүнүн натыйжасында пландаштырылган сабак тардын натыйжалуу өтүлбөгөндүгүнө алып келди. Көп учурда сабактар өз максатына жетпей калып жатканы байкалды.

↓

- Компьютердик технологиялык парктын бир убакта баардык курстарга, тайпаларга сабак өтүүгө жетишсиздиги, интернет ресурстарынын, байланыштарынын айрыкча айыл жерлеринде, тоолуу райондордо начар иштеши, тез-тез үзгүлтүккө учурашынын натыйжасында сабактар толук өтүлбөй, максатына жетпей калып жатышы баардык эле ЖОЖ орун алды.

↓

- Аралыктан окутууда ар бир студенттин, айрыкча алыскы райондордо жашагандардын колунда жеткиликтүү, сапаттуу интернет байланышын камсыз кыла ала турган моблидик телефондордун, ноутбуктардын ж.б. компьютердик байланыш ресурстарынын жетишсиздиги, өз убагында камсыз болбогондугу жана кээ бир аймактардагы интернет байланышынын такыр жоктугу аралыктан окутуу жараянын толук ишке ашырууга тоскоол болду. Аралыктан окутуу үчүн эки жактуу маалыматтык технологиялык байланыш ресурстарын толук камсыз кылуу зарылдыгын күн тартибине коюп койду.

↓

- Студенттин ОПК тарбынан билим берүү жараянындагы туруктуу көзөмөлүнөн чыгып, өзүн-өзү көзөмөлдөп калуусу да чоң кедерги, тоскоол болду. Мындай учурда студентте жалкоолук көбүрөөк кармап, сабактарга толук катышпай калып жатышканы баардык эле окуу жайларда байкалды.

↓

- Бир катар адистиктерге, мисалы, медицина, физика, механика, энергети- ка ж.б. адистиктерге аралыктан окутуу жараяны туура эмес болоору, билим берүү стандартарына дал келбестиги айкын болду. Аралыктан окутуу ар бир студентти өзүн студент катары эсептөөгө, студенттик жакшы кездерди баштан кечирүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Натыйжада аралыктан окуган студентте андай сезимдер жок, ал өз кезегинде окууга болгон кызыгууну жоготоору байкалды.

↓

- Аралыктан окуутууда бир үйдө бир нече студент жана мектеп окуучусу болсо, интернет ресурсунун, гаджеттин тартыштыгы пайда болгону да кашкайган чындык. Мындай абал көптөгөн үй бүлөөлөрдө байкалды.

↓

- Интернет ресурстардын жетишсиздиги, туруксуздугу, өз убагында камсыз болбогондугу, жаңы технологияларды, программаларды, гаджеттерди колдонууга, аралыктан билим алууга кыйла тоскоолдуктарды жаратканы ар бир окуу жайда байкалды.

↓

- Кыргыз Республиасынын билим берүү жаатындагы стратегиялык багыттардын бири катары аралыктан окутуу жараянын бирдиктүү нормативдик мыйзамдык жобосун иштеп чыгуу зарылдыгы айкын болду. Негизинен ар бир окуу жай өз дараметина жараша аралыктан окутуу жобосун, ыкмаларын, маалыматтык технологиялык камсыздоосун иштеп чыгышкан. Натыйжада бир эле маселе боюнча ар түрдүү көз караштар, позициялар пайда болгон. Анткенибиз ББИМ, Өкмөттүн ар түрдүү мыйзамдарында, токтомдорунда, жоболорунда аралыктан окутуу окуу жараянынын бир түрү катары учкай, анча кенен эмес каралып калган. Акыркы мезгилдеги шарттарда аралыктан окутууну приоритеттүү багыт катары өлкө боюнча бирдиктүү жобосун, укуктук-нормативдик ченемдерин иштеп чыгуу зарылдыгы кели чыкты десек да болот.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

Жогорудагыларды эске алуу менен аралыктан окутуу жараянын жакшыртуу, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу маскатында биздин сунуштар:

- Ар бир окуу жай, аралыктан окутууну натыйжалуу камсыздоо максатында, ОПК, студенттерди да жеткиликтүү касмыз кыла ала турган компьютердик технологиялык паркын заманбап компютерлер менен жаңылоо, көбөйтүү, үзгүлтүксүз, туруктуу жана ылдам интернет ресурстарын, байланышын кам сыз кылуу негизги милдеттерден болуусу керек. Анткени окуу жайлардагы эски муундагы комьютерлер жана компьтердик технологиялар паркы аралыктан окутуунун жаңы талаптарына жооп бере албай калып жатат.

- ОПК, студенттерди аралыктан окутуудагы жаңы технологияларды колдоно билүүгө даярдоо, компьютердик технологиялык сабатсыздыкты жою милдети турат. Айрыкча алыскы райондордон акыркы окуу жылында кабыл алынган студенттер эске алынуусу зарыл.

- ОПК жана студенттердин аралыктан окутуунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен лекциялык, семинардык сабактарага даярдыгын жакшыртуу, алардын эффективдүүлүгүнө шарт түзүү ар бир окуу жайдын милдети болуусу абзел.

- Жогорку окуу жайларда аралыктан билим берүүнү уюштурууга болгон муктаждык, анын натыйжалуулугун, сапатын жакшыртууну, илимий педа- гогикалык негизде жеткиликтүү изилдеп, ар бир окуу жайы өз шартына, абалына жараша аралыктан окутууну уюштуруунун жаңы ыкмаларын иштеп чыгуусу зарыл жана мезгил талабы.

- Аралыктан билим берүүнүн шартында, билим берүүнүн мүмкүнчүлүгү таанылгандыгы менен аны ишке ашыруунун педагогикалык шарттарынын аныкталбагандыгы, аралыктан билим берүүнүн натыйжалуулугун арттыруунун зарылдыгына жараша илимий негизделген окуу-усулдук комплекстеринин иштелип чыкпагандыгы, аралыктан окутуунун көйгөйү, анын теориялык жана практикалык маселелеринин учурдун талабына.

- Аралыктан окутуу жараянында студенттердин толук катышуусун камсыз кылуу милдет. Көп убакта бул да өзгөчө көйгөйлөрдү жаратканы талашсыз көрүнүш.

- Аралыктан окутуу ыкмасын толук ишке ашырууда компьютердик маалыматтык жана телекоммуникациялык технологиялар каражаттарын тынысмсыз жаңылоо, жаңы пайда болгон окутуу ыкмаларын кеңири колдонуу мезгил талабы болуп калганын эске алуу зарыл.

- Жогорку окуу жайларда аралыктан билим берүүнү уюштуруунун жана ишке ашыруунун педагогикалык шарттарын кайрадан карап, өркүндөтүү, анын сапатын, окуу-усулдук, практикалык көйгөйлөрүн кайра иштеп чыгуу керектигин мезгил аныктап койду.

- Жогорку окуу жайларда аралыктан окутуу жараянын, билим берүүнүн бул багытын азыркы заманбап компьютердик, маалыматтык байланыштык технологияларды колдонуу менен жаңы моделин жана бул багытта окутуунун жаңы талаптарга шайкеш методологиялык комплексин иштеп чыгуу мезгил талабы болуп калды.

Акырында дагы бир маселе, Кыргыз Республикасында билим берүү системасын трансформациялоонун, модернизациялоонун, реформалоонун шартында **аралыктан окутуунун** технологиясын пайдалануу, бул тармакты үзгүлтүксүз өркүндөтүү боюнча стратегиялык милдеттердин бири экени талашсыз. Демек, аталган иштерди толук турмушка ашыруу үчүн аралыктан окутуу жараянын бирдиктүү нормативдик мыйзамдык жоболорун иштеп чыгып, камсыз кылуу милдет экендиги талашсыз.

Өлкөбүздө аралыктан билим берүүнүн өнүгүшү Кыргыз Республикасынын бир катар мыйзам актыларында камтылган. Алар:

- Кыргыз Республикасынын **“Билим берүү жөнүндөгү”** мыйзамы.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2011-жылы 23-августта кабыл алган **“Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасында эки баскычтуу структураны орнотуу»** жөнүндө №496 токтому.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

- **“Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн башкарууда маалыматтык системаны түзүү Концепциясы”.**
- **“Маалыматтык-байланыштык технологиялардын негизинде жалпы жана үзгүлтүксүз билим берүүнү өнүктүрүүнүн улуттук программасынын Концепциясы»**
- **“2012-2020-жж. чейинки аралыкта КР билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясы жана стратегиясы”** КР Өкмөтүнүн токтому 23-март 2012-ж. № 201.
- **“Кыргыз Республикасында Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндөгү”** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому 23-март 2012-жыл № 201.
- 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруунун биринчи үч жылдык планы катары **“2012-2014-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча <u>иш-аракеттер планы</u>”** КР Өкмөтү 23-март 2012-жыл № 201.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-июнунда *(№354)* кабыл алган **“Дистанттык билим берүү технологияларын колдонууну иретке салчу укуктук-нормативдик актыларды бекитүү жөнүндөгү”** *токтому* (“**Об утверждении нормативных правовых актов, регулирующих применение дистанционных образовательных технологий”** постановление Правительства КР от 26 июня 2014 года № 354).
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2014-жылдын 26-июнундагы *(№ 354)* токтомуна **“Билим берүү программаларын ишке ашырууда дистанттык билим берүү технологияларын колдонуу тартиби”** атту 1-тиркеме - (Приложение 1, к постановлению Правительства Кыргызской Республики от 26 июня 2014 года № 354 “**Порядок применения дистанционных образовательных технологий при реализации образовательных программ”).**
- Стратегиялык милдеттерге ылайык, жогорку билим берүү жаатында жаңы маалымат технологияларын кеңири колдонуу Президенттин Жарлыгы менен 2018-жылдын 31-октябрында бекитилген **“2018-2040-жылдарга туруктуу өнүгүүнүн Улуттук стратегиясында” (“Национальная стратегия устойчивого развития страны на 2018-2040 гг.**).
- **“2019-2023-жылдардагы санариптешкен Кыргызстан”** аттуу санариптик трансформациянын **Концепциясында** (“Концепция цифровой трансформации **“Цифровой Кыргызсан 2019-2023”**) аттуу расмий документте камтылган.

Аталган укуктук-нормативдик документтерде билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берүүчү маалыматтык технологияларды өнүктүрүү, окутуунун алгылыктуу ыкмалары менен каражаттарын аныктоо, аларды практикада колдонуу **аралыктан окутууну жакшыртуунун багыттарынын бири** катары белгиленген.

Бир аз мурдараак КР ББИМ өткөн чоң жыйында **“Билим берүү жаатындагы мыйзамдарды талдоо”** боюнча атайын презентация жасалган. Ошол презентацияда окуу жайлардагы аралыктан окутуу багыты да мыйзамдык нормативдик актыларда өзүнүн ордун тапты деген ойдо калдым.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы.
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2011-жылы 23-августта кабыл алган “Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасында эки баскычтуу структураны орнотуу» жөнүндө №496 токтому.
3. “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн башкарууда маалыматтык системаны түзүү Концепциясы”.
4. “2012-2020-жж. чейинки аралыкта КР билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясы жана стратегиясы” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому 23-март 2012-жыл № 201.
5. “Кыргыз Республикасында Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому 23-март 2012-жыл № 201.
6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-июнунда *(№354)* кабыл алган “Дистанттык билим берүү технологияларын колдонууну иретке салчу укуктук-нормативдик актыларды бекитүү жөнүндөгү” *токтому.*